**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК САЛЫК
КЫЗМАТЫ**

**ГОСУДАРСТВЕННАЯ
НАЛОГОВАЯ СЛУЖБА
ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК
ПРИКАЗ**

26.01.2018 № 19 г.Бишкек ш.

**“Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаттары жана төш белгилери менен сыйлоо жөнүндө**

2017-жылдын жыйынтыгы боюнча экономиканын өнүгүшүнө олуттуу салым кошкондугу, бюджеттин киреше бөлүгүнүн калыптанышына жигердүү катышкандыгы жана салык мыйзамдарын ак ниети менен аткаргандыгы үчүн, **буйрук кылам:**

1. Тиркемеге ылайык, 2017-жылдагы ишмердүүлүгүнүн жетишилген натыйжалары боюнча мыкты салык төлөөчүлөр деп табылсын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын “Кыргызстандын мыкты салык төлөөчүсү” сертификаты жана төш белгиси тапшырылсын.
2. Уюштуруу иштери жана контролдоо башкармалыгы (Б.С.Каримова) сыйлана турган салык төлөөчүлөргө өз убагында чакыруу жиберсин жана алардын 2018-жылдын 31-январында боло турган Мамлекеттик салык кызматынын коллегиясынын отурумуна катышууларын камсыз кылсын.
3. Сатып алуулар жана чарбалык камсыздоо сектору (А.Б.Дуйшеев) тиркемеге ылайык, мыкты салык төлөөчүлөрдүн сертификаттарын жана төш белгилерин даярдасын.
4. Программаларды коштоо жана маалыматтык коопсуздук башкармалыгы ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын веб-сайтына жайгаштырсын.
5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматынын төрагасынын орун басары К.А.Кумашовго жүктөлсүн.

**Төрага** **О.А.Абдыкаимов**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө
караштуу Мамлекеттик салык кызматынын
_26.01.2018_ №_19_буйругуна тиркеме

**2017-жылдын ишмердүүлүгүнүн натыйжалары боюнча**
**мыкты салык төлөөчүлөрдүн тизмеси**

| № | Салык төлөөчүнүн аталышы | Жетекчисинин аты-жөнү | Аймактык аталышы |
|---|---|---|---|
| | **Өндүрүш чөйрөсүнөн** | | |
| 1. | "Интерхим" жоопкерчилиги чектелген коому | Сковородин Георгий Иванович | МСКнын Жайыл району боюнча башкармалыгы |
| 2. | "Арча" жабык акционердик коому | Чекилеков Тойгонбай Мусаевич | МСКнын Балыкчы шаары боюнча башкармалыгы |
| | **Курулуш чөйрөсүнөн** | | |
| 3. | "Орион Курулуш Компаниясы" жоопкерчилиги чектелген коому | Мурзабаев Кутубай Сарбагышевич | МСКнын Нарын району боюнча башкармалыгы |
| | **Соода чөйрөсүнөн** | | |
| 4. | "Топ ночь" жоопкерчилиги чектелген коому | Ибрагимов Рамис Хасанович | МСКнын Бишкек шаары жана Чүй облусу боюнча Ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы |
| 5. | "Asia Ingineering Servise" (Азия Инжиниринг Сервис) жоопкерчилиги чектелген коому | Хусаинов Анвар Аблезович | МСКнын Октябрь району боюнча башкармалыгы |
| 6. | "КДВ Бишкек" жоопкерчилиги чектелген коому | Усманов Болот Леонидович | МСКнын Биринчи Май району боюнча башкармалыгы |
| 7. | "НАКТА ОЙЛ" жоопкерчилиги чектелген коому | Мадазимов Рахматулла Мамытович | МСКнын Ош шаары боюнча башкармалыгы |
| | **Тейлөө чөйрөсүнөн** | | |
| 8. | "Юнит-Реактив-Фарма " жоопкерчилиги чектелген коому | Кимсанов Алмаз Аманбаевич | МСКнын Бишкек шаарындагы Эркин экономикалык аймактарынын субъектилерин контролдоо боюнча башкармалыгы |
| 9. | "Жалал-Абад" Санатории | Абышкаев Максатбек Динодилович | МСКнын Жалал-Абад шаары боюнча башкармалыгы |